## В.И.Ленин атындагы жатак-мектеби

**Коомдук угуулар** – бул мектеп, жергиликтүү башкаруу органдары, калк жана билим берүү процессинин катышуучуларынын ортосунда натыйжалуу маалымат алмашуу. Негизинен мектепти өнүктүрүү планын талкуулоо, мектептин жетишкендиктери жана муктаждыктары жөнөндө отчёт, бюджет түзүү, стратегиялык маселелер боюнча маалымат алуу үчүн, ошондой эле мектепте кошумча кызмат уюштуруу, аз камсыз болгон уй-булөлөрдүн балдары үчүн билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү, биргелешкен акцияларды жана иш-чараларды өнүктүрүү ж.б. ушул сыяктуу айкын милдеттер боюнча пикирлерди чогултуу жана ата-энелердин пикирин иликтөө үчүн жүргүзүлөт.

**Коомдук угуулардын милдеттери:**

Коомдук угуулар мектеп менен коомчулуктун өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжалуу аспабы болуп санлып, ар ар кандай максаттарга жана милдеттерге жетүү үчүн колдонулушу мүмкүн.

-мектептин ата-энелер жана коомчулук менен үзгүлтүксүз алакасын түзүү;

-мектеп турмушунун эң маанилүү маселелери боюнча билим берүү процессинин катышуучуларынын пикирлерин иликтөө;

-мектепти өнүктүрүү планы жана анын артыкчылыктарын көрсөтүү;

-мектеп бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчет жана кийинки жылга бюджеттик артыкчылыктарды бекитүү;

-мектепти каржылоодогу иштин иш жүзүндөгү абалын коомчулукка маалымдоо;

-коомчулуктун көңүлүн мектепке буруу жана бирликтештерге ээ болуу;

44-1-берене. Мамлекеттик билим берүү уюмдары тарабынан акча каражаттарынын чыгымдалышы жөнүндө отчетту коомдук угуу

Мамлекеттик билим берүү уюмдары отчеттон кийинки жылдын 1-августуна чейин жыл сайын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы

келбеген булактардан алынган бюджеттен тышкары каражаттардын чыгымдалышы жөнүндө коомдук угууларды өткөрүүгө милдеттүү.

Билим берүү уюмдарынын билим берүү процессинин катышуучулары, жарандык сектордун өкүлдөрү жана бардык кызыкдар адамдар коомдук угууларга катыша алышат.

*(КР 2011-жылдын 29-декабрындагы № 255 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

Билим берүү жөнүндө" КРнын мыйзамы.